УДК: 811.161.1 (575.2) (04)

**Сакыбаева Жыргал,**
**преподователь, КНУ**

# КЫРГЫЗ ГЕЗИТТЕРИНДЕГИ ЖАНРДЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨР СЕМИОТИКА АЛКАГЫНДА

# ЖАНРОВАЯ СПЕЦИФИКА КЫРГЫЗСКИХ ГАЗЕТ В СФЕРЕ СЕМИОТИКИ

***Аннотациясы**: Аталган иште жергиликтүү басылмалардагы жанрдык өзгөчөлүктөр семиотика илими менен айкалышкан аспектиде берилет. Кыргыз басма сөздөгү публицистикалык материалдар менен жанрдык өзгөчөлүктөрдүн республикалык жана областтык масштабдагы гезиттерде чагылдырылышы баяндалат.*

***Негизги сөздөр**: (Гезиттер, семиотика, жанрдык өзгөчөлүктөр, басма сөз, публицистика)*

***Аннотация**: В работе рассмотрена специфичность газетных жанров в сфере семиотики. Представлено публицистические материалы и жанровое разнообразие в республиканских и областных изданиях страны.*

***Ключевые слова**: (Газеты, семиотика, жанровое разнообразие, печать, публицистика)*

***Abstract:** The paper deals with the specificity of newspaper genres in the field of semiotics. It presents the journalistic materials and genre diversity in national and regional publications of the country.*

***Keywords:** (Newspapers, semiotics, genre diversity, printing, journalism)*

Жыйырманчы кылымдын аягындагы советтик доордун кыйрашы, коомдогу ири саясий-социалдык кайра куруулар адамдардын коомго, жашоо-турмушка болгон көз караштарын, жүрүм турумдарын, мамилесин түп-тамырынан бери өзгөрттү. Нечен жылдардан бери калыптанган калктын жашоо-турмушунун ыргагы бузулду, элдин негизги катмары рыноктук экономиканын мыйзамдуу да, мыйзамсыз да жол-жоболорун жапатырмак өздөштүрүшүп, базардын соода-сатыгы менен күн көрүп калган заманды баштарынан кечиришүүдө. Ушундай кырдаалда коомдун кайра жаралуу процесси журналистика тармагынын өсүп-өндүрүшүнө өз таасирин тийгизбей койгон жок. Бирдиктүү мамлекеттик идеологиянын жоктугу, мурдагы күчтүү агитациялык-пропагандалык саясаттын жана катаал цензуранын күнүнүн бүтүшү өз алдынча эгемендүүлүккө жетишкен кыргыз эли үчүн ири бурулуштарды, тарыхта табылгыс ачылыштарды жасоого зор шык, дем берди. өз алдынча жеке менчик телеканалдар, радиотүйүндөр жана газета-журналдар жаандан кийинки козу карындай жайнап чыга келишти. Алардын жүргүзгөн ишмердүүлүктөрү, көздөгөн максаттары ар-түрдүү, ар тармактуу болуп, ар кимиси өз алдынча элдин, электораттын көңүлүн өздөрүнө бурдуруп, рыноктон өз орундарын, өз пайда, кызыкчылыктарын табуу аракеттери менен коштолуп келе жатат. Жайнаган газета-журналдардын сапаты, мазмуну жана тилдик, стилдик критерийлери журналистиканын мыйзамдарына, талаптарына толук жооп берет деген ойдон алысмын. Мезгилдин өктөм талабына жараша мезгилдүү басма сөз беттериндеги материалдардын мазмуну, тематикасы, идеясы жана алардын жанрдык түзүлүштөрү бир топ өзгөрүүлөргө учурады. Мурда планын ашыгы менен аткарган өндүрүштүн, айыл чарбанын алдынкылары тууралуу көлөмдүү очерктер, публицистикалык макалалар, интервьюлар байма-бай гезит беттеринен жарык көрүп турчу.

Кийин замандын талабына жараша жанрлар да дискриминацияга учурай баштады. Көлөмдүү очерк же публицистикалык макалалардын ордуна учурдун эң керектүү, актуалдуу делген темалары, окуялары гана ашкере боёкторсуз, көркөмдөлүп шөкөттөнбөстөн, конкреттештирилип, тексттердин тилдик, стилдик өзгөчөлүктөрүнө маани берилип жатты.

Басма сөз жаатындагы радикалдуу өзгөртүүлөрдүн башында “Асаба” азыркы “Кыргыз Руху”, жана “Аалам” гезиттери турду десек болот. Айрыкча басма сөздүн аброюн көтөрүп, окумдуулугун арттырууда, тираждын тынымсыз өсүшүн камсыздоо менен, эл арасында ар бир макаласы ири резонанстарды жаратып турган алдыңкы басылма катары “Асаба” гезити азыр “Жаңы Агым” деген ысым бүгүн да жемиштүү милдетин аткарып келет. Аталган гезиттин беттеринен орун алган ар бир рубриканын көтөргөн жүгү, маани-мазмуну жана белгилүү жанрдык өзгөчөлүктөрдү камтыган семиотикалык символикалар же туруктуу белгилер деп айтууга толук негиз бар.

Элге кеңири таанымал болгон “жолбүгүн” рубрикасынын алдында саясий-экономикалык, социалдык темалар боюнча аналитикалык жана изилдөөгө арналган макалалар жарык көрүп турчу. “Бомбейкат”, “Элета”- рубрикалардын алдында айыл турмушунун проблемалары, окурмандардын каттары жарыяланса, “Элге кебин айтпаса, эрендерден не пайда” - рубрикасы саясатчылардын, белгилүү инсандардын омоктуу ойлору берилген. Окурмандардын арыз-арманын, кейиштүү тагдырларын жана жабыркаган жан-дүйнөсүн чагылдырган “Бук” рубрикасы да семиотикалык, функционалдык өзгөчөлүккө ээ болот.

Макаланын максаты да коомдогу жүрүп жаткан интенсивдүү өнүгүүлөр, өзгөрүүлөр авторлордун белгилүү бир жанрларга карата мамилесинин өзгөргөндүгүн айгинелеп көрсөтүү. Ушул эле учурда айрым бир жанрлар замандын талабына дал келип көбүрөөк көңүл бурулса, айрымдар такыр эле басылмалардын көңүл чордонунан чыгып калгандай. Мисалга алсак, мурдагы советтик доордо жогору жактын көрсөтмө, указдары менен коштолгон баш макалалар гезит беттеринде жокко эсе десек болот.

Партиялык номенклатура жыттанган, съезддердин, пленумдардын кургак чечимдери менен коштолгон баш макалалардын ордуна бүгүн кайсы гана гезит бетин ачпаңыз 1-2 беттерге окурмандарды өзүнө тарткан кызыктуу материалдардын анонстору менен коомдун турмушундагы орчундуу окуялар, инсандар тууралуу кыскача маалыматтар орун алууда.

Публицистикалык жанрлардын ичинен маалыматтык жана аналитикалык жанрлардын бардык түрүнө суроо-талап көбүрөөк.

“Газеталык тексттердин жанрдык-стилдик касиеттеринин диффузиясы публицистика-

нын жанрдык системасында бир топ орчундуу өзгөрүүлөрдү пайда кылды". Бүгүнкү күндө жергиликтүү басылмалардагы жанрдык структураларындагы проблемалар өтө курч актуалдашып жаткандыгын байкайбыз. Бул багытта "заманбап журналистикада жанрдык стандарттар активдүү жаңылануудa", - дейт окумуштуу айым Ляпун Светлана Владимировна.

Публицистикалык жанрлардын төрөсү деп эсептелип келген очерк жанрын кийинчерээк жергиликтүү гезит беттеринен четтеп калгандыгы көптөгөн ички жана тышкы факторлордун жыйынтыгы катары түшүндүрүлөт. өзгөчө экспрессия менен баяндалуучу очерк жанрынын түрлөрүнүн ичинен бир гана жол очерки "Кыргыз Туусу", "Эркин- Тоо", "Майдан' гезиттеринде көбүрөөк жарыяланып, өзүнүн актуалдуулугун жоготкон жок. Бул жанр чет өлкөгө саясатка чыккан авторлорубуздун башка элдердин үрп-адаты, маданияты, экономикалык, социалдык өнүгүү деңгээлдери менен тааныштыруу максатында таасирдүү жазылуу менен көпчүлүктүн кызыгуусун арттырып келет. Көбүнесе жол очерки делбестен « алган таасирлер» деген рубриканын астында макала катары да жарыяланып жүрөт. Ушул эле жанрдык топтун ичинен фельетон жана памфлет жанрларын да кездештирүү кыйынга туруп калды. Бирок, фельетонго тийиштүү боектор, сатиралык куйкум сөздөр башка жанрларын тутумунан, мисалга сатиралык комментарий, сатиралык реплика ж.б. кездештирүүгө болот.

Жанрлардын түрлөрүнүн актуалдашуусунун негизги факторлору болуп баяндалып жаткан окуяларга, фактыларга конкреттүүлүк, ылдамдык жана жандуулук, динамикалуулук экендигин белгилей кетүүбүз зарыл.

Ал эми бул жанрдык топтун ичинен эссе жанрынын өсүү тенденциясы байкалат. Эссе жанры жан дүйнөнүн жаңырыгы болгон автордун эстетикалык, интеллектуалдык деңгээлин ачык-айкын көрсөтүп, адамзаттын эң башкы байлыгы болгон руханий жана маданий көрөңгөсүнүн күзгүсү катары басылмалардын беттеринен түшпөй кызмат өтөп келет. Аталган жанрды баардык эле жергиликтүү басма сөз беттеринен, айрыкча эркин гезиттерден кобурөөк жолуктурууга болот.

Жанрдын табиятындагы негизги компоненттер – бул туруктуулук жана кайра-кайра кайталана берүүчүлүк. Мына ушул жанрларды өзгөчөлөнтүп турган белгилер семиотика алкагында да өз ордун ээлейт. Маселен репортаж менен интерьвюну эч алмаштырууга мүмкүн болбогондой ар бир жанрдын туруктуу кайталанып туруучу белгилери, мыйзам ченемдүүлүктөрү бар. Мезгилдүү басма сөз беттериндеги жанрларды илгертен эле үч чоң топко бөлүп келебиз: маалыматтык, аналитикалык жана көркөм- публицистикалык деп.Бүгүнкү кундө жанрлар коомдогу өзгөрүлөрдү, турмуштун күнгөй- тескейин жана авторлордун маанайын, ички жан-дүйнөсүн, дараметин өтө сезгичтик менен чагылдырып жаткандыгына күбө болуудабыз.

Мурдагы советтик доордун газеталары жанрдык, тилдик, стилдик жактан белгилүү бир рамканын чегинен чыкпай өзгөчө этияттык, сактык менен ашыкча сөз, ашыкча ой-пикир айтылбастан үстүрт жана жалпыланган фразалар менен жарык көрүп турчу. Ал эми азыр конкуренциянын гүлдөп турган учурунда ар бир басылма өзүнүн рыноктогу орду үчүн баардык мүмкүнчүлөктөрүн жумшап күрөшүп келет. Жанрдын түрлөрунөн гезит беттеринде айрыкча маалыматтык жанрларга өзгөчө маани берилүүдө. Анткени коомчулуктун эң негизги муктаждыктарынын бири дал ушул маалыматты толугу менен жашырып-жаппастан, өз учурунда алып туруу экенин ар бир журналист, редакция жон териси менен сезип иш алып барышууда.Маалыматтардан тексттердин адресатка жеткиликтүүлүгү, сүйлөм түзүлүштөрүнүн жөнөкөйлүгү жана ар бир окуяга карата автордун позициясы, мамилеси сезилип тургандыгы артыкчылык жаратат.

Ошондой эле автор тарабынан айтылып жаткан ойду, идеяны окурман калкына жеткирүүнүн башкы куралы бул анын сөз байлыгы, сөздөрдүн күчүн, касиетин сезип орду менен, ыгы менен пайдалануу гана оң натыйжа береерин журналисттер журтчулугу жакшы түшүнүп калды. « Жакшысы болбой жаманы жок» -, дейт элибизде, анын сыңарындай жайнаган басылмалардын баары эле бирдей деңгээлде дегенден алыспыз, айрым гезиттердин жанрдык, стилдик өзгөчөлүктөрүнө маани берилбей, ортосаар, жеңил-желпи жазылган макалаларга, маалыматтарга орун берилип жаткандыгын тана албайбыз.

Бирок чыныгы чыгармачылык көбүнесе бир эле жанрдын рамкасына сыйбастан башка жанрлар менен да синтездешип кеткен учурлар көп кездешет. Бул багытта Л.Е.Кройчиктин мындай деген кызыктуу гипотезасы бар; «репортаж

жөн гана маалыматтык жанр болуудан калды, аны оперативдүү изилдоочү жанр категориясына кошуп, биринчи планга жаңылыктардын оперативдүүлүгү эмес, аларга анализ жүргүзүү, жеткиликтүү кылып баяндоо формасы басымдуулук кылууда». Ушул жерден белгилей кетүүчү жагдай репортажда анализ жасоо башкы максат эмес, ал болуп жаткан окуяларды баяндоонун натыйжасында келип чыгуучу табигый прцесс. Дал ушул репортаж жанрын А.А.Тертычный, Л.Г.Кайда ж.б., окумуштуулар стиль жаратуучулук касиетин өзгөчө баалашып, аналитикалык жанрлардын категориясына кошуп келишет. Теоретик жана практик журналисттердин бүйрүн кызыткан илимий жаңылык Л.Е.Кройчиктин жарлар боюнча позициясы, көз карашы болгондугун эч ким танбас. Анын айтуусу боюнча публицистикалык текст сөзсүз болуучу үч неизги компоненттен турат; аудиторияны жаңылыктар же проблемалар менен кабардар кылуу, болуп жаткан окуяга же кырдаалга ой жүгүртүп, анализдөө жана аудиторияга эмоционалдуу таасир этүүнүн ыкмалары.

Ушул эле окумуштуунун пикири боюнча газеталык тексттер беш топко бөлүнөт;

- оперативдүү маалыматтык – заметканын бардык түрлөрү;
- оперативдүү изилдөөчүлүк – интервью, репортаж, отчеттор;
- изилдөөчү маалыматтык – корреспонденция, комментарий, рецензия;
- изилдөөчүлүк – макала, каттар, баяндама;
- изилдөөчү образдуулук (көркөм-публицистикалык) – очерк, эссе, фельетон, памфлет.

Кройчиктин концепциясынын жемиштүүлүгү бир жагынан туруктуу публикациялардын типтери (изилдөөчүлүк), башка жагынан аралаш, «гибрид» болуп айырмалангандыгында. Биздин көз караш боюнча учурдун талабына жараша публицистиканын жанрдык структурасынын трансформация болуп жаткандыгынын реалдуу көрүнүшү.

Бул сөзүбүз куру болбосун үчүн «Кыргыз Туусу» гезитинин 2014-жылдын 3-июнунундагы чыккан санындагы Турусбек Солтобаевдин «Теңир-Тоо илимдин, маданияттын очогуна айланган НМУ» аттуу макаласына токтоло кетүү максатка ылайыктуудай. Аталган макалада автор алыскы бийик тоолуу аймактагы Нарын мамлекеттик университетинин 18 жылдыгына карата окуу жайдын уюшулган күнүнөн тартып, бүгүнкү күнгө чейинки басып өткөн тарыхына хронологиялык тартипте кеңири токтолуп өткөн.

Баяндоонун жүрүшүндө автор окуу жайдын материалдык-техникалык базасы, окутуучу-окумуштуулар жамааты жана илимий борбор катары калыптануу мезгилиндеги ийгиликтери менен кемчиликтери, келечекке болгон пландары тууралуу толук маалымат берилет. Макалада фактылардын, окуялардын берилиши отчет-корреспонденция жанрларынын элементтери камтылган. Мындан тышкары окуу жайдын илимий тармактарынын өнүгүшү, билим берүүдөгү алдыңкы ыкмаларды колдонуу пратикаларын жайылтуу маселелерин чагылдырууда аналитикалык ой жүгүртүү, баам-парасатын аңдоо сыяктуу дагы бир жанрдык өзгөчөлүк басымдуулук кылат. Демек, макалада бир эмес, бир нече жанрлардын камтылгандыгы алардын тынымсыз өсүп, татаалдышып туруусу жана жанрлардын синтези макаланын максатына жетүүсүнө айкын шарт түзүп турат.

Учурда гезит беттерине жарыяланып жаткан макала, материалдардын кандайдыр бир жанрдын категориясына таандык экендигин аныктоoo кыйынчылык жаратып жаткандыгы тексттердин жазуу стилинин татаалдашып, мазмун жана формаларынын жанрдык белгилери сакталбай жаткандыгы менен түшүндүрүлөт.

Публицистикалык жанрлардын структурасы боюнча талкууда Г.В.Лазутина менен С.С.Распоповалардын пикирлери да өзгөчө кызыгууну жаратат. “Биз үчүн жанр –тексттин тиби эмес, туруктуу мазмундук формалдуу белгилери бар тексттердин да тобу эмес, туруктуу өзгөчөлүктөрү менен айырмаланган акыркы продукттун(тексттин) деңгээлинде эле эмес, ишмердүүлүктүн жөндөмүнүн деңгээлиндеги белгилүү бир чыгармачылыктын түрү.”

Газеталык публицистикалардагы жанрлардын структуралары боюнча окумуштуулардын пикирлери, көз караштары ар түрдүү. Анткени жашообуздун өзү өсүп-өөрчүп, өзгөрүлмөлүү болгондуктан адам баласынын ишмердүүлүктөрү да бир калыпта өнүкпөстөн, өөрчүп өсүп турaaры табияттын мыйзамы экендиги талашсыз.

Жанрдык өзгөчөлүктөр жаңы технологиянын аралашуусу менен улам барган сайын жаңыланып, толукталып, көп кырдуу чыгармачылыктын улам жаңы бийиктигин багынтып, жуналистика илиминин теориялык көрөнгөсүн байытып келет.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Ким М.Н. Жанры современной журналистики СП.б: Издательство Михайлова, 2004год

2. Тертычный А.А. Жанры периодической печати Москва-2006год

3. Пронина Е.Е. Психология журналистского творчества, Изд.во МГУ, 2002год

4. Кройчик Л.Е. Система журналистских жанров СП.б 2000год

5. Ученова В.В. Современные тенденции развития журналистских жанров, Вестник МГУ серия 10.

6. Ляпун С.В. Новые подходы к классификации газетных жанров, Вестник. Адыгейский гос. университет 2009год

7. Жергиликтүү кыргыз тилиндеги басылмалар.